# Кыргыз Республикасынын президенттигине болгон талапкерлердин абийир кодекси

**БИШКЕК-2011**

**Кыргыз Республикасынын президенттигине болгон талапкерлердин абийир кодекси**

**Преамбула**

Биз, төмөндө кол койгон Кыргыз Республикасынын президенттигине аттанган талапкерлер, таза жана адилет шайлоолорду өткөрүүнү көздөп, мыйзамга баш ийүү менен, ушул Кыргыз Республикасынын президенттик шайлоо жүрүшүндөгү абийир кодекмти (мындан ары - Кодекс) өз ыктыярыбыз менен кабыл алабыз.

**Кодексттин максаты**

**Кодекст төмөндөгү максаттарга карата алынган:**
- шайлоо учурунда башаламандыкты жана мыйзамдарды бузууну болтурбоо;
- шайлоо учурунда коомдо туруксуз абалдын түзүлүшүн болтурбоо;
- Шйлоочулар толоук түшүнүүнүн негизинде тандоо кылыш үчүн, алардын керектүү маалыматты алуусуна мүмкүнчүлүк түзуп берүү;
- Кыргыз Республикасында чын жана акыйкат шайлоону өткөрүү салтын орнотуу.

**Кодекстин колдонулушу**

Кодексти кабыл алган президенттике болгон талапкерлерге (мындан ары - Талапкерлер), жана алардын расмий өкүлдөрү менен колдоочуларына карата колдонулат.

**Негизги эрежелери**

Талапкерлер милдеттенет:

- Кыргыз Республикасынын Конституциясын жана башка мыйзамдарын сактоого;
- оппоненттердин жеке турмушунун, ар-намысынын, кадыр-барктынын жана иш аброюнунун колтийбестигин урматоого;
- кызмат адамдары, талапкерлер, мүчөлөр жана партиянын жактоочулары тарабынан ишке ашырылган же ишке ашырыбыз деп коркуткан зордук-зомбулук же зомбулук коркунучу, вандализмдин ар кандай көрүнүштөрү жана коомчулук тартипти бузуулары менен күрөшүүгө көмөктөшүүгө;
- зомбулукка катышпоого же өз күчүн көрсөтүү максатында зомбулук кылууга, же өз артыкчылыгын далилдөө үчүн ага жол бербөөгө;
- мамлекеттүүлүктү жана аймактык бүтүндүктү жоготуу коркунучу болгон баардык жараяндардан баш тартууга;
- мамлекеттик, муниципалдык, коомдук же жеке мүлккө зыян келтирбөөгө;
- өз оппоненттери менен алардын колдоочуларына карата коркутуп-үркүтүү иш-аракеттеринин (кандай гана түрдө болбосун) болтурбоого;

- ушул Кодексти сактоо үчүн жеке иш-аракеттерди кылуу менен бирге шайлоонун баардык катышуучуларынын кодекске баш ийүүсүн талап кылууга.

**Шайлоочуларга карата эрежелер**

Талапкерлер милдеттенет:

- айкындык ынанымдарынын жана баардык шайлоочулар менен шайлоо жүрүмүнүн башка катышуучуларына урмат көрсөтүү негизинде таза жана адилеттүү шайлоону өткөрүүгө;
- шайлоочуларга чагымсыз, коркутуусуз, укуктуулукка жатпаган таасир кылуусуз, сатып алуусуз,  эркин добуш берүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга;
- жарандардын өз каалоосуна эркин билдирүүсүнө, алардын өз пикирин айтуусуна тоскоолдук кылбоого;
- Шайлоочуларды адаштырбаш үчүн алар менен ак ниетүү жана ачык болууга.

**Башка талапкерлерге карата эрежелер**

Талапкерлер милдеттенет:

- башка талапкерлердин шайлоо өнөктүгүн өткөрүү жана өздөрүнүн саясий идеялары менен ынанымдарын таратуу укугун жана эркиндигин урматоого;
- өз үгүт иштерин жүргүзүүдө коомдогу тынчтыкты козголтбоо нугунда иш алып барууну;
- башка талапкерлердин шайлоочулар менен жолугушуусуна бут тоспоого.

**Шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнө карата эрежелер**

Талапкерлер милдеттенет:

- шайлоо коммисияляарынын мүчөлөрүнө басым кылбоого;
- шайлоо коммисияляарынын мүчөлөрүнүн ишине кыйынчлыкты жаратпоого;
- шайлоо коммисияляарынын мүчөлөрүнүн ишине кийлигишпөөгө;
- шайлоо коммисияляарынын мүчөлөрүнүнт коопсуздугун камддоого көмөктөшүү.

**Массалык иш-чаралардын маалындагы эрежелер**

Талапкерлер милдеттенет:

- массалык иш-чараларды мызам чегинде жана мүмкүн болушунча жараандардын тынчын албай өткөзүүгө;

- мындай иш-чаралардын тынч жана мыйзам чегинде өткөзүлүшүнө көмөктөшүүгө;
- митинг, пикет, жыйын, жолугушуу, жүрүш, демонстрация жана башка массалык ишчаралардын учурунда шарапттардын, баңги заттардын, психотроптук заттардын таркатылуусуна жол бербөөгө.

**Үгүт мезгилиндеги эрежелер**

Талапкерлер милдеттенет:

- башка талапкерлердин шайлоо өнөктүктөрүн бузбоого же өзгүлтүккө учуратпоого;
- башка талапкерлердин үгүт жана маалымат материалдарынын таркатылуусуна жолтоо болбоого;
- башка талапкерлердин символикасын туурабоого;
- башка талапкерлердин үгүт жана маалымат материалдарын бүлдүрбөөгө;
- башка талапкерлердин митинг, пикет, жыйын, жолугушуу, жүрүш, демонстрация жана башка массалык ишчараларды өткөрүүсүнө жолтоо;
- адамдардын башка талапкерлердин массалык ишчараларына катышуусуна жолтоо болбоого;
- саясий күрөш үчүн улуттук жана диний көйгөйлөрдү колдонбоого;
- расмий же анонимдүү түрдө зомбулук менен коркутуп-үркүтүү же зомбулукка, адам абыроюн басмырлоого ушак-айыңга жол ача турган үгүт жана маалымат материалдарын басып чыгарбоого, ошондой эле интернет, дагы башка маалымат булактары аркылуу таркатпоого.

**Административдик ресурстарга карата эрежелер**

Талапкерлер милдеттенет:

- шайлоо өнөктүгүн өткөрөө үчүн расмий мамлекеттик жана муниципалдык же дагы башка мамлекеттик ресурстарды (каражат, адам жана уюштуруу ресурствры), мыйзамда көргөзүлгөн учурлардан тышкары, пайдаланбоого;
- мамлекеттик органдар менен жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын баардык жетекчилеринин партия катарынан чыгышын камсыз кылууга.

**ЖМК жана журналисттерге карата эрежелер**

Талапкерлер милдеттенет:

- сөз жана басып чыгаруу эркиндигин урматтоого;
- журналистерди куугунтукка албоого же алардын ишине жолтоо болбоого;

- оппоненттери менен талашып-тартышууда мыйзамсыз, адамгерчиликке жатпаган жана булганыч технологияны колдонбоого;
- такталбаган же атайлап жалган айтылган маалыматтарды таркатпоого, алдамчылык менен жалган нерселерди колдонбоого, сылык жана негиздүү сын айтууга;
- Оппоненттерди тастыктоо менен сындоого.

**Коррупция менен сатып алууларга карата эрежелер**

Талапкерлер милдеттенет:

- добуштарды сатып аллбоого;
- мамлекет кызматкерлерин сатып албоого;
- мажбурлоо же акча сунуш кылуу жолу аркылуу шайлоочуларды добушун кандайдыр бир партияны, талапкерди колдоого же ага каршы добуш берүүгө же добуш берүүдөн баш тартууга мажбурлабоого;
- мажбурлоо же акча же дагы башка сыйакы сунуш кылуу аркылуу адамдардын өз талапкерлигин коюусуна же койбоосуна, өз талапкерлигин чакыртып алуусуна же чакыртып албоосуна мажбурлабоого;
- мажбурлоо же акча жана башка сыйакы сунуш кылуу аркылуу ызмат адамдарынын, мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин кандайдыр талапкер үчүн колдоо табуусуна же бут тосуусуна жол бербөөгө;

**Шайлоодон кийинки эрежелер**

Талапкерлер милдеттенет:

- шайлоонун жыйынтыгы аныкталып, ал расмий жарыялангандан кийин аны таанууга;
- шайлоо жыйынтыгын сынга алууда тастыктоо мене ниш кылып, оппоненттер менен шайлоо комиссия мүчөлөрүнө өздүк кордоодн алыс болууга;
- башаламандыкка, имараттар менен мүлктөрдүн мыйзамсыз басып алынышына, жолдордун торолуусуна жана башка мыйзамсыз аракеттерге жол бербөөгө, мыйзам талаптарын саясий, топтук, жеке кызыкчылыктардан жогору коюуга;
- сот органдарынын ишине өзү же кимдир-бир тараптан кийлигиштирбөөгө жана аларга басымды кылдыртбоого;